**АРАЛЫКТАН БАНКТЫК ТЕЙЛӨӨ СИСТЕМАСЫНАН КОЛДОНУУЧУЛАР ҮЧҮН МААЛЫМАТ**

Аралыктан тейлөө системасы аркылуу операцияларды жүргүзүү процессинин коопсуздугун жана маалыматтардын талаптагыдай корголушун камсыз кылуу үчүн:

1. Колдонуучу интернет-банкингди пайдаланууда:

1) логинин, паролду жана башка маалыматтарды башка бирөөгө билдирбөөгө/ ачыкка чыгарбоого;

2) өз логинин, паролун жана башка маалыматтарды жеке компьютеринде, мобилдик телефонунда жана башка талаптагыдай корголбогон жабдууларда сактабоого;

3) паролду мезгил-мезгили менен алмаштырып туруу менен аты-жөнү, төрөлгөн күнү сыяктуу оңой чечмеленген паролду колдонбоого тийиш. Пароль кеминде 8 белгини (атайы символдор жана сандар айкалышынан) камтышы зарыл;

4) жеке маалыматтардын купуя сакталышын камсыз кылууга, атап айтканда инсандыкты тастыктаган документтеги маалыматтар, электрондук почта дареги жана башка маалыматтар жат бирөөлөргө билдирилбеши керек;

5) ишке ашырылган операциялар таржымалы текшерүүгө алынып, эсеп боюнча санкциясыз операцияларга же каталарга көз салып туруу үчүн алардан көчүрмө алынып, эгерде мыйзамсыз иш-аракеттерге жол берилген болсо, алар тууралуу дароо кызмат көрсөтүүнү сунуштоочуга маалымдалууга тийиш;

6) веб-баракчалардын туура толтурулушун жана коопсуздугун текшерип туруу зарыл, мында:

- кандай болбосун онлайн-операцияларды ишке ашыруу же жеке маалыматтарды сунуштоо алдында интернет-банкингдин талаптагыдай веб-баракчасы колдонулуп жаткандыгына толук ынанып алуу талап кыланат. Алдамчылык максаттарында иштелип чыккан жалган веб-баракчалардан сактануу зарыл;

- "https" башталган Ресурстардын цнификацияланган көрсөткүчтөрүнүн (URL) бардыгын текшерүү аркылуу веб-баракчанын коопсуздугуна ынануу зарыл, мында интернет браузердин стасусунда корголгон туташуу белгиси пайда болууга тийиш;

- веб-баракчанын URLин түздөн-түз интернет браузерде чагылдыруу жана алардын ишенимсиз башка баракчаларга кайра багыттоодон же шилтемелерден качуу зарыл;

- электрондук операцияларды ишке ашыруу процессинде жөнөтүлүп жаткан маалыматтарды дароо шифровкалап же код белгилеген программаны колдонуу талап кылынат;

7) жабдууларды (персоналдык компьютерди, мобилдик телефонду ж.б.) санкциясыз пайдалануудан же зыян алып келген программалардан коргоо зарыл;

8) иштеп жаткан жабдуу бир аз убакыт кароосуз калтырган шартта да электрондук операциялар ишке ашырылган сайттан чыгып кетүү менен операциялардан кийин системадан толук чыгууну унутпоо талап кылынат;

9) интернет-банкинг системасынын коопсуздук саясаты менен таанышып чыгуу зарыл:

- интернет-банкинг системасынын төлөмдөрдү, которууларды ишке ашырууга, эсептерди дебеттөө/кредиттөөгө тиешелүү шарттары жана банктык тейлөөнүн башка шарттары менен кылдат таанышып чыгуу;

- интернет-банкинг системасында жеке финансылык маалыматтарды чагылдыруу алдында ошол маалыматтарды колдонуу же таркатуу шарттары менен дагы кылдат таанышып чыгуу талап кылынат.

2. Колдонуучу мобилдик банкингди, мобилдик тиркемени падалануууда:

- өз PIN-кодун, банктык тейлөө системасына кирүү паролун, электрондук почта паролун жана колдонуучунун атынан аралыктан тейлөө учурунда андан санкциясыз пайдаланууга мүмкүнчүлүк түзгөн башка маалыматтарды жат бирөөлөргө билдирбөөгө;

- өз PIN-кодун, мобилдик банкинг, мобилдик тиркеме үчүн паролду мезгил-мезгили менен алмаштырып турууга;

- ал аркылуу банктык операциялар ишке ашырылган мобилдик телефондун жат бирөөнүн колдонушуна жол бербөөгө;

- мобилдик телефонду жоготуп же уурдатып жиберген шартта, ал тууралуу дароо кызмат көрсөтүүнү сунуштоочуга маалымдоого;

- паролду же PIN-кодду камтыган жеке маалыматтарды, электрондук почта, социалдык түйүндөр жана электрондук маалымат алмашуунун башка каражаттары аркылуу жөнөтпөөгө;

- каталарга же санкциясыз операцияларга жол бербөө үчүн операциялар таржымалын жана алардан алынган көчүрмөлөрдү мезгил-мезгили менен текшерип, санкциясыз операциялар аныкталган кайсыл болбосун учурда ал тууралуу дароо кызмат көрсөтүүнү сунуштоочуга маалымдоого;

- аралыктан тейлөө системасынан пайдалануу коопсуздугуна тиешелүү кандай болбосун маселе келип чыккан шартта, ал тууралуу кызмат көрсөтүүнү сунуштоочуга дароо маалымдоого тийиш.